**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, К.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Кыргызстан Эл аралык университети**

**Д12.20.614 Диссертациялык кеңешинин №_4- протоколу**

Жалал-Абад шаары 18-декабрь, 2020-ж.

**Катышкандар:**

**Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү:** Арабаев А.А., Арзиев Н.И., Асаналиев Т.А., Баетов А.Б., Кулдышева Г.К., Мамбеткулов А.Ш., Мажитов Б.О., Пазылов Н.А., Юлдашев К.К., Юсупов У.Ж., Азиз Канатбек.

**Диссертациялык кеңештин негиздоочү уюмдардын өкүлдөрү**: Алыбаев К.С., Абдразакова Г.А., Атамбекова А.К.

**Изденүүчүлөр**: Б.Т.Кабаева, Х.Х.Хушвахтзода.

**Диссертациялык кеңештин себептүү келбеген мүчөлөрү:** Дусипов Е.Ш., Сулейменова С.Ж.

**Күн тартиби:**

1. Изденүүчү Б.Т.Кабаеванын диссертациялык иши боюнча алдын ала коргоосу;

Жыйналыштын күн тартибин бекитүү колго салынып, бир добуштан кабыл алынды.

**Биринчи маселе:** Күн тартибине киргизилген маселе: Изденүүчү Б.Т.Кабаеванын диссертациясын алдын ала коргоосу.

Төрага А.А. Арабаев: - Анда Б.Т.Кабаеванын диссертациясын алдын ала коргоосуна отсөк. Сөз диссертациялык ишинин негизги жоболору жана алынган илимий жыйынтыктары менен тааныштыруу үчүн изденүүчү Б.Т.Кабаевага берилет.

**Изденүүчү** Б.Т.Кабаева**:** Саламдашуу...

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Референдум Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет катары өнүгүсүндө өтө чон роль ойногондугу шексиз. Баарыныздарга белгилүү болгондой Кыргыз Республикасынын конституциясынын калыптанышынын өзү референдумдун негизинде болуп жатуда. Мына 2021 жылынын 10 январына башкы мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизү боюнча референдум дайындалды.

Ошондуктан, референдумду укутук институт катары изилдөө жана Кыргыз Республикасыдагы өткөрүлгөн референдумдардын тажрыйбасын жалпылап өздөштүрүү актаулдуу маселе болуп саналуда.

Дисссертациялык изилдөөнүн максаты – Кыргыз Республикасындагы референдумдун конституциялык укутук табиятын аныктоодо жана аны ишке ашыруунун укутук механизмин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы төмөндөгүлөр менен мүнөздөлөт:

биринчиден, Кыргыз Республикасындагы референдумдун конституциялык-укуктук табиятын аныктоо маселелери теориялык жактан комплекстүү изилдөөгө алынды;

экинчиден, «референдум» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди;

үчүнчүдөн, референдумдун маани-мацызы ачып көрсөтүлдү жана аны жөнгө салуу боюнча автордун позициясы аныкталды;

төртүнчүдөн, референдумду конституциялык-укуктук институт катары таануу боюнча автордун позициясы негизделди жана бул түшүнүктүн автордук аныктамасы берилди;

бешинчиден, Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү аракеттеги мыйзамдарын талдоонун негизинде улуттук мыйзамдарда референдумдун предмети так аныкталбагандыгы жана бул маселени чечүү боюнча автордун сунуштары негизделди;

алтынчыдан, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Конституциялык мыйзамына толуктоолорду киргизүү боюнча практикалык сунуштар негизделди;

жетинчиден, «Кыргыз Республикасындагы элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча практикалык сунуштар негизделди.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык баалуулугу Кыргыз Республикасынын референдумун уюштуруу жана өткөрүү ж.о.э. жарандардын референдумга катышуу укугун ишке ашыруу чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды жана укук колдонуу практикасын жакшыртуу боюнча теориялык тыянактардын, сунуштар менен сунуштамалардын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укук колдонуу ишмердүүлүгүндө жана ошону менен бирге аракеттеги конституциялык жана референдумдук мыйзамдарды жакшыртууда колдонулуусу мүмкүндүгү менен шартталат.

Диссертациянын коргоого чыгарылуучу негизги жоболору:

1. «Референдум» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди.

«Референдум» деп, мыйзам же мамлекеттик маанидеги башка олуттуу маселе боюнча бүткүл элдик добуш берүү жолу менен элдин өз эркин түздөн-түз билдирүүсүнүн формасын түшүнүү сунушталат.

2. Референдумдун маани-маңызы менен аны жөнгө салуу боюнча автордун позициясы аныкталды.

Референдумдун маани-маңызы бүткүл элдик добуш берүүгө коюлган жана бир гана маани берүүчү жоопту талап кылган конкреттүү маселе боюнча элдин өз эркин түздөн-түз билдирүүсүндө жатат. Ал эми референдумдун жөнгө салуу предмети анын маани-маңызы менен аныкталып, референдумга коюлуучу маселе конкреттүү жана так болуп, бүткүл элдик добуш берүү жолу менен императивдүү мүнөзгө ээ чечим кабыл алуу менен чектелиши керек.

Ошондуктан бүткүл элдик добуш берүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамды, Кыргыз Республикасынын референдумуна чыгарган учурда, ал мыйзамдын долбоору, Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, тиешелүү мыйзам чыгаруу процедурасын толук өтүшү талап кылынат. Мындай шартта мыйзам долбоору, анын концепциясы, жөнгө салуу предмети, принциптери жана ченемдери мыйзамда каралган тартипте, тиешелүү тараптардын катышуусунда толук каралып, парламент аркылуу да, жарандык коомдун институттары аркылуу да талкууланышы камсыздалат. Бул өтө маанилүү процесс. Себеби референдумдун маани-маңызы менен мазмуну бүткүл элдик добуш берүүгө коюлган мыйзамга бир гана маанини туюндурган «Макул» (же «Жок») деп жооп берүү менен элдин өз эркин түздөн-түз билдирүүсүндө жатат.

3. Референдумду конституциялык-укуктук институт катары таануу боюнча автордун позициясы негизделди жана бул түшүнүктүн автордук аныктамасы берилди.

Референдумдун укуктук табияты Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдары тарабынан анын социалдык маңызын жана мазмунун мүнөздөө менен, анын предметин, субъекттерин жана уюштуруу принциптерин аныктоо менен референдумду конституциялык-укуктук институт катары таануусунда жатат.

Ушундан улам, референдум конституциялык-укуктук институту деп, референдумдун укуктук табиятын мүнөздөө менен, анын предметин, субъекттерин, уюштуруу жана

өткөрүү тартибин бекитүүгө жана бүткүл элдик добуш берүү менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнго салууга багытталган конституциялык-укуктук принциптер менен ченемдердин тутумун түшүнүү сунушталат.

4. Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү аракеттеги мыйзамдарын талдоонун негизинде улуттук мыйзамдарда референдумдун предмети так аныкталбагандыгы жана бул маселени чечүү боюнча автордун сунуштары негизделди.

Кыргыз Республикасынын аракеттеги Конституциясы да, Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндөгү аракеттеги конституциялык мыйзамы да референдумдун предметин так аныктабастан, бүткүл элдик добуш берүүгө чыгарылуучу маселенин формаларын гана бекитишет. Ушундан улам, Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндөгү аракеттеги конституциялык мыйзамы бүткүл элдик добуш берүүгө Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамдын долбоору, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын долбоору, Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору чыгарылат деп, алардын баарын эсептегени менен негизи мыйзамдын формалары тууралуу гана кеп болуп жатат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин жана «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Конституциялык мыйзамынын 2- жана 7-беренелеринин жоболорун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын референдумунун предмети болуп, биринчиден, мыйзам менен жөнгө салынуучу коомдук мамилелер эсептелет. Экинчиден, айрым маселелерди (согуш жана тынчтык; Президенттин, Жогорку Кеңештин депутаттарын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу же узартуу; Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо же болбосо мындай шайлоолорду өткөрүү мөөнөттөрүн кийинкиге жылдыруу; салыктарды жана жыйымдарды киргизүү, өзгөртүү жана жокко чыгаруу, ошондой эле аларды төлөөдөн бошотуу; тарифтер жөнүндө; мамлекеттин дин аралашпаган мүнөзүн, Кыргыз Республикасынын унитардыгын жана аймактык бүтүндүгүн өзгөртүү; Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жана чек аралары; аскердик же өзгөчө абал киргизүү; республикалык бюджетти кабыл алуу жана өзгөртүү; мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарынын кызмат адамдарын шайлоо, дайындоо жана бошотуу менен байланышкан; мунапыс жана ырайым кылуу) кошпогондо, мамлекеттик маанидеги маселелер Кыргыз Республикасынын референдумунун предмети боло алышат.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын референдумунун предмети катары бүткүл элдик добуш берүүгө коюлуучу маселе, биринчиден, Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбеси шарт. Экинчиден, элдик добуш берүүгө коюлуучу маселе адамдын жана жарандын жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин жана аларды ишке ашыруунун конституциялык кепилдиктерин чектебөөсү, басмырлабоосу же жокко чыгарбоосу керек.

5. Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү мыйзамдарын жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу максатында тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү керектиги негизделди.

Автор тарабынан «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Конституциялык мыйзамына төмөнкү толуктоолорду киргизүү сунушталат:

1) 7-берене жаңы «1-1» бөлүгү менен төмөнкү редакцияда толукталышы сунушталат:

«1-1. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын долбоорун кошкондо, Кыргыз Республикасынын референдумуна чыгарган учурда, ал мыйзамдын долбоору, Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, тиешелүү мыйзам чыгаруу процедурасын толук өтүшү талап кылынат.

Бүткүл элдик добуш берүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун кабыл алуу маселеси гана коюлат».

2) 12-берене жаны «4-1» бөлүгү менен төмөнкү редакцияда толукталышы сунушталат:

«4-1. Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзамынын долбоорун, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын долбоорун кошкондо, Кыргыз Республикасынын референдумуна чыгарылган учурда, бүткүл элдик добуш берүүнү өткөрүү датасы ал мыйзамдын долбоору, Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, тиешелүү мыйзам чыгаруу процедурасын өтүүсү менен убактысына жараша аныкталат».

6. Автор тарабынан «Кыргыз Республикасындагы элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына төмөнкү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү негизделди:

1) 8-берене жаңы «1-1» бөлүгү менен төмөнкү редакцияда толукталышы сунушталат:

«1-1. Жарандар тарабынан элдик демилге тартибинде сунуш кылынуучу мыйзамдын долбоорун, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, тиешелүү экспертизалардан өткөрүү милдети Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жүктөлөт»;

2) 13-беренеде «колтамгаларын топтоо» деген сөздөрдөн кийинки «экспертизаларды өткөрүү» деген сөздөрдү алып салуу сунушталат.

Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы. Диссертация Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин “Конституциялык жана административдик укук” кафедрасында даярдалып бүткөн жана ал кафедранын жыйынында талкууланып, коргоого жолдомо алган.
Диссертациялык изилдөөдө алынган илимий жыйынтыктар толугу менен изденүүчү тарабынан 2011-2018-жылдары жарык көргөн 14 илимий макалада чагылдырылган, анын ичинен 2 макала РИНЦ системасындагы журналда. Жалпысынан илимий чыгармалары боюнча 210 балл топтогон.

Диссертация киришүүдөн, үч бапты жана алты бөлүмдү камтыган негизги бөлүктон, тыянактардан, практикалык сунуштамалардан жана колдонулган адабияттын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү 201 беттен турат.

**Рахмат!**

**Төрага А.А. Арабаев:** Талкууга өтсөк. Кимде кандай суроо бар? Сөз Гулсара Кенжеевнада

Кулдышева Г.К.: Мен бул изденүүчүнүн диссертациялык иши боюнча эксперттик мүчө болгонмун, ошондуктан менин суроом төмөндөгүчө: корутундагы сунуштар сиздин жумушуңузда орун алдыбы?

Изденүүчү: Суроонузга рахмат Гулсара Кенжеевна! Оба корутундагы сунуштарды биз жетекчим менен жумуштун биринчи главасында карап кошуп чыктык чет өлкөлүк илимпоздордун иштери жана алардын позициясын карадык. Рахмат.

**Төрага А.А. Арабаев:** Талкууга өтсөк. Кимде кандай суроо бар? Сөз Улукбек Жалалидиновичте.

Юсупов У.Ж.: Азыркы учурда референдум 2021 жылдын 10 январяна коюлгандыгы мыйзамдуубу? Эгерде мыйзмадуу болсо кайсы мыйзамдын негизинде коюулду бул менин биринчи суроом? Экинчиси Референдум биринчи кайсы мамлекетте өткөзүлгөн?
Изденүүчү: Рахмат агай суроонузга! Мен сиздин экинчи сурооцузга жооп берүүдөн баштайт. Биринчилерден болуп Илимий адабияттарда тарыхта биринчи референдум 1439-

Европа өлкөлөрүндө каралып жаткан мезгилде референдумду пайдалануунун ыкчамдыгы жөнүндө айтса болот.

Ал эми экинчи суроонуз боюнча, оба президенттик шайлоо менен бир катар референдум өткөрүлөт жана жогорку кеңеш өз ыйгарым укуктарын колдонуп Конституциянын 114 статьясын колдонуп депутаттардын 2/3 бөлүгү Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө демилге көтөрүүгө болот. Мыйзам долбоору 2020-жылдын 17-ноябрында бүткүл элдик талкууга коюлуп, илинген, кийинчерээк референдумду дайындоо жөнүндө мыйзам кабыл алынган. Сиздин референдумду дайындоонун мыйзамдуулугу боюнча суроонузга келсек, Конституциялык палата референдумдун мыйзамдуулугу жөнүндө жооп берди жана биз Жогорку Соттун Конституциялык палатасынын чечимдери акыркы чечим болгондуктан, даттанууга жатпагандыгын биз юристтер катары билебиз. Конституциялык палата өз чечиминде 22-мартта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу менен бардык аймактарда өзгөчө кырдаал түзүлгөндүгүн жана бул кырдаал ушул күнгө чейин күчүндө экендигин, ошондой эле ченемдик укуктук актылар жөнүндөгү мыйзамга ылайык, 55-беренеде, мыйзам долбоору бардык окуулардан өтө албай турган шарттар көрсөтүлгөн, мөөнөттөр кыскартылышы мүмкүн жана Конституциялык Палата Жогорку Кеңеш бул эрежеге шилтеме бере турган шарттардын тизмеси толугу менен көрсөтүлгөндүгүн жана ковиддик пандемияга байланыштуу өзгөчө кырдаал режимин киргизүүнү караштыргандыгын көрсөттү, мындай учурда алар мыйзамдын чегинде референдумду мүмкүн болушунча тез арада дайындай алышты.

Төрага А.А. Арабаев: Талкууга өтсөк. Кимде кандай суроо бар? Сөз Кобилжан Камалидиновичте.

Юлдашев К.К.: Менде суроо эмес калоо. Бизде озү жашоо материал берип жатат ошого Сиз мына жакында референдум өтөт ошол референдумдун натыйжаларын өзүңүздүн диссертациялык жумушуцузда көрсөтсөңүз практикалык мааниси жогору болот.

Изденүүчү: Рахмат агай!

Төрага А.А. Арабаев: Талкууга өтсөк. Кимде кандай суроо бар? Сөз Мамбеткулов Арстан Шамильевичте.

Мамбеткулов А.Ш.: Президенттик парламенттик башкаруу формасы боюнча сиз башкаруунун кайсы формасына таянасыз? Бүгүнкү күндө актуалдуу болгондуктан, азыр бардык жарандар талкуулап жатышса керек. Сураныч түшүндүрүп бериңиз.

Изденүүчү: 2021-жылдын 10-январына белгиленген азыркы референдумга келсек, Конституцияда бийлик бутактарынын балансынын өзгөрүлүп жаткандыгын көрүп жатабыз, биз өкмөттү кандайча түзүп жаткандыгын эске алганда, таза парламенттик башкаруу формасы Кыргыз Республикасында иштеп жатат деп айта албайбыз, демек, бизде кандайдыр бир аралаш башкаруу формасы бар. Эми алар президентти өкмөттү жетектөөнү сунуштап, чечимдер үчүн өкмөт башчы жоопкерчиликти алат деп үмүттөнүп жатышат.Эгер эл ушуну бийликтин булагы катары талап кылса, анда бул маселе референдумга коюлушу керек деп эсептейм. Сиздин сурооцузга жооп берүүнүн парламенттик формасын колдойт элем.

Төрага А.А. Арабаев: Талкууга өтсөк. Кимде кандай суроо бар? Сөз Улукбек Жалалидиновичте.

Юсупов У.Ж.: Сиз парламенттик форманы тандап жатасыз, бир мандатту деп жатышат жана азыр 35 депутат округдар боюнча 55 депутат партиядан келсин деп айтышууда. Сиз кайсынысына кошуласыз?

Изденүүчү: Биз 2010 жылы Конституцияны кабыл алып биз парламенттик формага өттүк деп айтып жатабыз, бирок биз саясий партияларга калыптануусуна убакыт берген жокпуз чындыгында жана анын түптөлүшү бир лидердин гана айланасында болгондуктан биз анда мажоритардык шайлоого барып бир гана адамды шайлап алалы деп айтылууда.

**Төрага А.А. Арабаев:** Кимде кандай суроо бар? Жок. Изденүүчү Б.Т.Кабаеванын диссертациялык ишинин негизги жоболору жана алынган илимий жыйынтыктары жана практикалык сунуштамалары менен тааныштырды жана берилген суроолорго толук жооп берди.

**ЧЕЧИЛДИ:**

**Изденүүчү** Б.Т.Кабаеванын **диссертацияеын алдын ала коргоосу боюнча Диссертациялык кеңеш ЧЕЧИМ кабыл алды:**

1. Изденүүчү Б.Т.Кабаеванын 12.00.02– конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча "Кыргыз Республикасындагы референдумдун теориясы жана практикасы" аттуу темадагы диссертациясы Диссертациялык кеңештин 2021-жылдын 25-февралындагы отурумунда коргоого кабыл алынсын.

2.Изденүүчү Б.Т.Кабаеванын диссертациясы боюнча биринчи расмий оппонент катары ю.и.д., Кулдышева Г.К., экинчи расмий оппонент ю.и.к., Джаркымбаева А.К., жетектөөчү уюм катары Э.Алиев ат.ИИМ Академиясы дайындалышсын.

3.Изденүүчү Б.Т.Кабаеванын диссертациясынын авторефераты таркатылуучу илимий мекемелердин (уюмдардын) кошумча тизмеси аныкталсын (тиркелет).

4.Изденүүчү Б.Т.Кабаеванын диссертациясы диссертацияларды коргоонун электрондук кезегине киргизилсин.

Диссертациялык кеңештин
төрагасы, ю.и.д., профессор А.А. Арабаев

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
ю.и.к., Н.А. Пазылов